1933-жылдын сентябрынан чыгууда

Выходит с сентября 1933 года

# ЖЕҢИШ ТУУСУ

# ЗНАМЯ ПОБЕДЫ

РАЙОНДУК КООМДУК-САЯСИЙ ГЕЗИТ

РАЙОННАЯ ОБЩЕСТВЕННО-ПОЛИТИЧЕСКАЯ ГАЗЕТА

ИШЕМБИ 20-июль 2019-ж. № 29 (7921)- 27-июль 2019-ж №30 (7922)

СУББОТА 20 июля 2019г. № 29 (7921) - 27 июля 2019г. № 30 (7922)

*Мухаммедкалый АБЫЛГАЗИЕВ, өкмөт башчысы:*

## "АЙМАКТАРДЫ ӨНҮКТҮРҮҮДӨ ЭҢ ИРИДЕ АЙЫЛ ЧАРБАСЫН ӨНҮКТҮРҮҮНҮ ОЙЛОЙБУЗ"

Кыргыз Республикасынын Өкмөт башчысы Мухаммедкалый Абылгазиевдин катышуусунда Люксембург айыл аймагындагы "Тазажан" үрөнчүлүк кооперативинин эгин талаасында "Жогорку түшүмдүү буудайдын жаңы сортторун, жүгөрүнүн гибриддерин республикабыздын аймактарында жайылтуу менен майда үрөн чарбаларын ирилештирүү жана сууну үнөмдүү пайдаланууда алдыңкы инновациялык технологияларды колдонуу жөнүндө"





чы семинарга катышууга республиканын ар кайсы бурчунан келген дыйкандардын суроолоруна жооп

гаттын жаңы ыкмаларын киргизүү боюнча чараларды көрүүдө. ", - деди Мухаммедкалый Абылгазиев. Өкмөт башчы ошондой эле малчыларды жана дыйкандарды бир кыйла активдүү болууга, мам-



атальшындагы республикалык семинар болуп өттү. Семинар КРнын Өкмөтүнүн тапшырмасы









боюнча КРнын Айыл чарба, тамак-аш өнөр жайы жана мелиорация министрлиги, Чүй облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгү, Ысык-Ата райондук мамлекеттик администрациясы менен биргеликте уюштурган. Семинардын алкагында өкмөт башчы "Тазажан" үрөнчүлүк кооперативинин эгин талаасында эгилген жогорку сорттогу буудайды оруп-жыюунун жүрүшү, жүгөрүнүн "Ладожская" гибридин жамгырлатып сугаруу системасы менен таанышты.

Бүгүнкү күндөгү айыл чарба тармагындагы эң актуалдуу маселе болгон үрөн секторунун учурдагы абалы жана анын келечеги жөнүндө, ачыгын айтканда республиканын илимий-изилдөө институттарында жетишерлик каражат каралбагандыгына байланыштуу өсүмдүктөрдүн селекциялык иштери үзгүлтүккө кабылууда. Ошондой эле көпчүлүк үрөнчүлүк чарбалардын материалдык-техникалык абалы сапаттуу айыл чарба өсүмдүктөрдүн үрөндүк материалдарын өндүрүү технологиясы менен даярдоодо толугу менен туруштук бере албай, буудай, арпа, жүгөрү, май өсүмдүктөрдүн жана картошканын өндүрүштүк айдоолорунун түшүмүнүн төмөн болушуна алып келүүдө. Ушуга окшогон кырдаал улана берсе 5-10 жылдан кийин селекциялык иштер жаш, келечектүү кадрлардын жетишсиздигинен үзгүлтүккө учурашы мүмкүн.

Учурдун орчундуу курч маселеси-майда дыйкан-фермерлерди ирилештирүүдө көйгөйлөр жаралып, өндүргөн үрөндүн салыштырма катмары төмөн болуп, жаңы жогорку түшүм бере турган сорттордун жана аргындардын (гибриддердин) үрөндүк материалдары менен камсыз кыла албагандыгында болууда.

Өкмөт башчысы семинардын алкагында дан өсүмдүктөрүнүн сапатын жакшыртуу, жергиликтүү айыл чарба өсүмдүктөрүнүн үрөндөрүн өнүктүрүү, көп жылдык чөп жана чанактуу өсүмдүктөрдүн үрөндөрүн жакшыртуу, топурактын агрохимиялык анализи, өсүмдүктөрдү өстүрүүдө биологиялык препараттардын натыйжалуулугу боюнча жана башка көргөзмө материалдар менен кеңири таанышты.

М.Абылгазиев лизинг аркылуу берилүүчү дан жыйноочу комбайндын жана трактордун сертификаттарын дыйкандарга тапшырды. Андан тышкары өкмөт берип, айыл чарба жаатындагы көйгөйлүү маселелерди жакшыртуу боюнча кеп козгоду. "Аймактарды өнүктүрүүдө эң ириде айыл чарбасын өнүктүрүүнү ойлойбуз. Көптөгөн жылдар бою айыл чарба тармагына мамлекет тарабынан тийиштүү көңүл бурулбай келгендиктен бүгүн тармакта чечилбеген маселелер көп. Калкыбыздын 70%ы айыл жеринде жашайт жана бул багытта алектенет. Өкмөттүн артыкчылыктуу милдеттеринин бири - тармактын өтө зарыл маселелерин чечүү. Ата-мекендик айыл чарбанын негизги көйгөйлөрүнүн бири катары асыл тукум чарбасынын начар өнүгүүсүн жана бағбанчылык үчүн жакшы үрөндөрдүн жоктугун белгилөөгө болот. Биздин дыйкандар эмгекчил жана иштегенди билишет. Бирок өндүрүлгөн продукциянын сапаты жакшы эмес. Сапаттуу үрөнсүз дыйкандардын эмгеги акталбайт. Мал чарбасы чөйрөсүндө дагы колдоо чараларын күчтөп жатабыз, ирригацияны өнүктүрүү боюнча чоң пландар бар. Президент Сооронбай Жээнбеков бул маселени жеке көзөмөлүндө алып турат, Өкмөт жаңы бассейндерди жана каналдарды куруу, учурда болгон ирригациялык түйүндөрдү тазалоо, мамлекет тарабынан айыл чарбасын жеңилдетип каржылоого бөлүнгөн каражаттарды натыйжалуу пайдаланууга жетишүүгө чакырды.

Өлкөнүн баардык тарабынан чакырылган дыйкан-фермерлер, райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыктарынын башчылары, үрөн чарбаларынын, ири өндүрүш айыл чарба кооперативдеринин жетекчилери "Тазажан" үрөнчүлүк кооперативинин заманбап алдыңкы тажрыйбасын үйрөнүүнү гана максат кылбастан, ар бир дыйкан жана фермер жогорку түшүм алууда, өсүмдүк өстүрүүнүн дүң продукциясын жогорулатууда жогорку сапаттагы үрөндүн материалын пайдалануу эң маанилүү экендигин түшүнүштү.

Семинарды өткөрүүдө райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыгы, 43-жол эксплуатациялоо ишканасы, Люксембург айыл өкмөтү ар тараптуу колдоо көрсөтүп, уюштуруу иштерин жүргүзүштү. Айыл чарба, тамак-аш өнөр жайы жана мелиорация министри семинардын жогорку деңгээлде уюштурулгандыгына жакшы баасын берди.

*Айзада КӨЧКӨНБАЕВА.*